Бекитемин

Мектептин директору

Кадырова М.М.

**Жаңы жылдык иш-чараны өткөрүү жөнүндө инструктаж**

1.Коопсуздуктагы жалпы талаптар:

1.1. Ушул инструкция Кыргыз Республикасынын Өрт коопсуздугунун талаптарынын мектептин кызматкерлери аткарууга милдеттендирүү максатында түзүлгөн.

1.2.Жаңы жылдык иш-чарага мектептин бардык кызматкерлери жана окуучулар инструкция өткөндөн кийин гана киргизилет.

1.3.Мектептин жетекчиси белгилеген мөөнөттө эмгекти коргоо боюнча инструктажды каттоо журналы, эреже жана өрт коопсуздугуна каршы инструктаж өткөрүлөт.

1.4.Өрт коопсуздугунун ченемдерин бузганга күнөлүүлөр мыйзамдардын негизинде кылмыштык, административдик,тартиптик жоопкерчиликке тартылат.

**2.Өрт коопсуздугун камсыздоочу иш-чараларды уюштуруу**

2.1.Жаңы жылдык массалык иш- чараны өткөрүүдө имараттын өрт коопсуздугуна каршы абалына жоопкерчилик чарба башчысы, иш-чараны өткөрүүгө жооптуугa, класс жетекчилерге жүктөлөт.

2.2.Имараттын ичи дайыма таза турушу керек.

2.3.Эвакуациялык жолдор, коридорлорду тозулушуна жол берилбейт.Эвакуациялык чыгуучу жерлер ичинен гана жеңил конструкция менен жабылат.

2.4.Имараттын ичиндеги өрт крандары жеңдер жана түрткү менен жабдылып, шкафка салынып, пломб басылат.

2.5.Өрт өчүрүүчү каражаттар (өрт өчүргүчтөр күндүн нуруна тийбеген,иштеп турган) оңой жете турган жерде жайгаштырылышы керек. Өт жагуучу айрым шаймандар.

2.6.Жаңы жылдык  массалык иш- чара бүткөндө жооптуулар имараттын ичин текшерип, андан кийин электр тогуна туташтырылуучу каражаттарды өчүрүп, сууруп, жабышы керек.

2.7.Бузулган электр булагына туташтырылган каражаттарды өрт чыгарууга жеткирбей өчүрүү керек.

**3.Тыюу салынат:**

- имараттын ичинде ширеңке чагууга, бенгал отторун күйгүзүүгө, күйүүчү каражаттарды колдонууга;

- имараттын ичин жасалгалоодо жана даярдоодо күйүүчү материалдарды колдонууга, күйүүчү материалдан маскараддык костюм тигүүгө;%

- мектептин ичинде тамеки чегүүгө;

- имараттын ичинде жеңил же оңой күйүүчү, эрүүчүүчү суюктук жанка материалдарды сактоого;

- электроприборлорду булактарда карабай калтырууга,кубаттуулук регулятору жок приборлрду колдонууга;

- кол менен жасалган кабелсиз сактагычтарды колдонууга;

**4. Өрт чыккандагы аракеттер**

4.1.Өрт чыкканда төмөнкү аракеттер жүргүзүлөт:

- жакын жердеги 101 телефонуна өрт чыккан боюнча кайрылуу;

- калкка өрт чыккан боюнча тез билдирүү;

- эвакуациялык жолдорду ачуу,имараттан элди эвакуациялоо, имараттын эшик, терезелерин талкалоонун кажети жок болсо, талкалабай туруу, өрттүн жана түтүндүн андан башка бөлмөлөргө жайылып кетүүсүнө жол бербөө, имараттан кетип жатып,эшик жана терезелерди жабып кетүү;

- имараттан баалуу боюмдарды чыгаруу;

- мугалимдер жана техникалык персоналдардын, өз эрки менен түзүлгөн дружинанын күчү менен биринчи керектүү болгон өрт өчүрүүчү каражаттардын жардамы менен өрт өчүрүү;

4.2.Иш-чаранын жетекчисинин милдеттери:

- өрт чыгуу боюнча өрт коопсуздугун камсыздоочу бөлүмгө,жогорку органдарга билдирет;

- адамдардын өмүрүнө коркунуч келген учурда, аларды сактоо боюнча ишти уюштурат;

- имараттын энергия камсыздыгын өчүрөт;

- имараттын ичиндеги өрт өчүрүүчү иш-чаралар менен байланыштуу болгон иштерден башка иш-чаралардын бардыгын токтотот;

- өртөчүрүүдө катышпаган адамдардын бардыгын коопсуз зонага көчүрөт;

- өрт өчүрүүгө катышып жаткан бардык адамдардын коопсуздугун камсыздоо талаптарын аткаруу;

- материалдык баалуулуктардын бардыгын сактайт жана эвакуациялоону уюштурат;

- өрт коопсуздугун камсыздоочу бөлүмдүн келишин уюштурат.